КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин
I чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы

ТОКТОМ

2026-жылдын 23-январы №5 **Темир айылы**

Жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө

Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин «Жер, агрардык реформа, өнөр жай курулуш жана архитектура, транспорт, жаратылыш ресурстарын пайдалануу жана кайра иштетүү, экология, өзгөчө кырдаал, мелиорация, таза суу, жайыт маселелери боюнча» туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 23-январындагы №2-протоколунун негизинде, Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Садыр Аке айыл аймагынын Григорьевка айылынын «Чоң-Ак-Суу» жайлоосуна жана Семеновка айылынын «Кырчын» жайлоосуна чыңалуусу 10кВ болгон электр чубалгасын орнотууга жер тилкелери бөлүнүп берилсин.

2. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын.

3. Жергиликтүү кеңештин аппараты (жооптуу катчысы) бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсүн ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышы Садыр Аке айыл өкмөтүнүн башчысы А.Н. Молдакматовго милдеттендирилсин.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө “Жер, агрардык реформа, өнөр жай курулуш жана архитектура, транспорт, жаратылыш ресурстарын пайдалануу жана кайра иштетүү, экология, өзгөчө кырдаал, мелиорация, таза суу, жайыт маселелери боюнча” туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **А.А. Мамытов**

Жиберилди: Ишкаеазарына-1, Айыл өкмөт-1, Обл.юст.-2.